КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АЛАЙ РАЙОНУ
БУДАЛЫК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАЙСКИЙ РАЙОН
БУДАЛЫКСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ КЕНЕШ

БУДАЛЫК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИНИН 7 ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
КЕЗЕКТЕГИ 20 ЗАСЕДАНИЕСИНИН
**ТОКТОМУ**

2023-жылдын 24 -октябры № 20/1 Кайнама айылы

**Эл арасындагы маркумду узатуу , үйлөнүү үлпөт тойлоруна болгон ашыкча чыгымдар боюнча иш алып баруу**

1. Будалык айыл өкмөтүнүн аймагында эл арасындагы маркумду узатуу , үйлөнүү үлпөт тойлоруна болгон ашыкча чыгымдар боюнча иш алып барууда айыл башчылар тарабынан жеткиликтүү иш алынып барылбай жаткандыгы белгиленсин.
2. Ресторандарда тойлордун бүтүшүнө көзөмөл жүргүзүп, саат 12.00 гө чейин эртерээк бүтүрүү жагы көзөмөлдөнсүн
3. Көрүстөндөрдө “Жай бекитүү” “эстелик” коюу токтотулгандыгына карабай айрым учурда “эстелик” коюлуп жаткандарга эскертилсин. Бул боюнча элдик жыйындарда кайрадан каралсын
4. Эл арасындагы маркумду узатуу, үйлөнүү үлпөт тойлоруна болгон ашыкча чыгымдар боюнча иш алып барууну мындан ары да күчөтүү, бул боюнча иш алып барып жаткан комиссиялардын ишин мындан ары дагы жандандыруу жагы каралсын.
5. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу айыл өкмөт башчысына жүктөлсүн.

**Төрага** **Арапбай уулу Улан**